***DOI:10.26104/NNTIK.2023.99.38.031***

***Амирова К.А.***

## НОТАРИУСТУН УКУКТУК МАКАМЫ: ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Амирова К.А.***

## ПРАВОВОЙ СТАТУС НОТАРИУСА: ПОНЯТИЕ И ОСОБЕННОСТИ

***K. Amirova***

## THE LEGAL STATUS OF A NOTARY: THE CONCEPT AND FEATURES

*УДК: 34.037: (575. 22)*

*Макаланын изилдөө темасын актуалдуулугу азыркы коомдо нотариус негизинен эң маанилүү орунду ээлегендигинде, нотариус өзгөчө коомдук -укуктук макамына ээ, анткени Кыргыз Республикасынын атынан жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын мыйзамдуу таламдарын коргоонун негизи болуп саналат. Жарандык коомдун институту катары нотариат сот адилеттигин аткарат, талашсыз укуктарды жана фактыларды күбөлөндүрүү менен жарандык укуктарды бекемдөө иш-аракеттин жүргүзөт. Изилдөөнүн максаты нотариустун укуктук макамын жана өзгөчөлүгүнө жараша нотариустардын табиятын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөө, нотариустун укуктук макамын жана нотариалдык кесибинин өзгөчөлүгүнө талдоо жүргүзүү болуп саналат. Изилдөөнүн предмети-нотариаттын укуктук макамын аныктоочу коомдук мамилелердин жыйындысы. Нотариустун укуктук макамы анын жарандар жана юридикалык жактар, мамлекет менен болгон мамилелерин камтыйт. Укуктук макамы нотариустун укуктары жана милдеттери менен мүнөздөлгөн укуктук мамилелер тутумунда ордун көрсөтөт.*

***Негизги сөздөр:*** *конституция, нотариус, укуктук макамы, мүлк, нотариалдык иш-аракеттер, мыйзам, институт, коом, жоопкерчилик, укук.*

*Актуальность темы исследования статьи заключается в том, что в современном обществе нотариус занимает в основном важнейшее место, поскольку нотариус имеет особый общественно-правовой статус, являясь основной защиты прав и законных интересов граждан и юридических лиц от имени Кыргызской Республики. Как институт гражданского общества нотариус осуществляет правосудие, удостоверяет бесспорные права и факты, ведет работу по укрепления гражданских прав. Целью исследования является изучение правового положения нотариуса и сущности и особенностей нотариусов в зависимости от их характеристик, анализ правового положения нотариуса и особенностей професси нотариуса. Предмет исследования является совокупность общественных отношений, определяющих правовой статус нотариуса. Правовой положение нотариуса включает его отношения с гражданами и юридическими лицами и государством. Правовой статус указывает на место нотариуса в системе правоотношений, характеризующих правами и обязанностями.*

***Ключевые слова**: конституция, нотариус, правовое положение, имущество, нотариальные действия, закон, учреждение, общество, ответственность, право.*

*The relevance of the research topic of the article lies in the fact that in modern society the notary occupies mainly the most important place, since the notary has a special social and legal status, being the main protection of the rights and legitimate interests of citizens and legal entities on behalf of the Kyrgyz Republic. As an institution of civil society, a notary carries out justice, certifies indisputable rights and facts, and works to strengthen civil rights. The purpose of the study is to study the legal status of a notary and the nature and characteristics of notaries, depending on their characteristics, the analysis of the legal status of a notary and the features of the notary profession. The subject of the study is a set of public relations that determine the legal status of a notary. The legal status of a notary includes his relations with citizens and legal entities, the state. The legal status indicates the notary's place in the system of legal relations characterized by rights and obligations.*

***Key words:*** *constitution, notary, legal status, property, notarial actions, law, institution, society, responsibility, right.*

Нотариустун укуктук макамын аныктоочу нотариус кесибинин өзгөчөлүктөрү белгиленген. Негизги ыйгарым укуктары жана милдеттери чөйрөсү нотариат мыйзамы жана башка бир катар укуктук актыларда чагылдырылган. Азыркы учурда, Кыргызстанда өнүгүп жаткан укуктук жаатында нотариус жарандык жүгүртүүнүн бардык катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу чөйрөсүндө укук коргоо милдеттерин жүзөгө ашырган органдын бир бөлүгүн билдирет. Укуктук макамы нотариустун укук жана милдеттери менен мүнөздөлгөн укуктук мамилелер тутумундагы ордун көрсөтөт. Кыргыз Республикасында нотариус жалпы жана өзгөчө макамга ээ. Жалпы макамы Конституциялык макамынан келип чыгат жана Кыргыз Республикасынын ар бир жаранына мүнөздүү [1]. Ал эми өзгөчө укуктук макамы нотариус кызматка келген учурдан тартып пайда болот [2]. Нотариустун укуктук макамы – тармактар аралык институт. Анын өзгөчөлүгү нотариалдык гана эмес, укуктун башка тармактарынын (жарандык, жарандык процесстик, тартиптик жаза, эмгек, салык, кылмыш-жаза) ченемдерин бекитүү.

Негизинен нотариус мамлекеттик ыйгарым өкүлү катары иш алып барат, мамлекеттик функцияларды аткарат ошону менен бирге анын атынан мамлекттик механизимдин талаптарын аткаруу үчүн аракеттенет, ал экинчи тарабынан – нотариус белгилүү бир кесиптин аткарууда, башкача айтканда укук таануудагы көз карандысыз звеносу – бул жарандардын жана мамлекеттин кызыкчылыктарына теңдик укуктарын берет [3, 448-б.]. Мындан тышкары, нотариустун макамын жөнгө салуучу укуктун ар кандай тармактык ченемдердин ортосунда карама-каршылык болгон учурда, укук колдонуу жараянасында (процессинде) артыкчылык нотариустун макамы укуктук жөнгө салуунун негизи болгон нотариалдык укуктун ченемдерине берилүүгө тийиш. А.Б. Царелунго нотариустун укуктук

макамын нотариустарга ыйгарым укуктарды берүү жана алардын нотариалдык ишти жүзөгө ашыруу принциптерин аныктаган укуктук ченемдердин жыйындысы катары аныктоо менен иштин мазмуну деп белгилейт [4, 52-б.].

Нотариустун ишмердигине келсек, укуктары жана милдеттери жөнүндө эмес, ыйгарым укуктарын айтуу максатка ылайыктуу, анткени нотариуска берилген укуктар белгилүү бир юридикалык факты-кызыктар адамдын тигил же бул нотариалдык иш-аракеттин жасоо өтүнүчү менен кайрылгандыгынан келип чыгышына байланыштуу жүзөгө ашырылат, ошол эле учурда бардык мыйзамдуу негиздер болгондо нотариус нотариалдык иш-аракетти жасоодон баш тартууга укуксуз. Бул негиздүү маанисин алганда, нотариустун укугу жана ошол эле учурда анын милдетти дагы болуп саналып, аткарылбагандыгы жоопкерчилик алуу мүнкүнчүлүгү менен камсыз кылынат.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй жалпы укуктары, бир нече негиздер менен көрсөтүлгөн:

- функционалдык багыты боюнча;
- экономикалык же ишкердик иштин белгилүү бир түрү менен алектенген жарандык жүгүртүүнүн башка катышуучусуна карата нотариуска таандык болгон жалпы функциялык укуктар;
- банктын кызматтарынан пайдалануу, башкача айтканда эсептерди ачуу, банктык операцияларды жүргүзүү;
- мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарга жана ээ болууга;
- мыйзамдарда каралган башка аракеттерди жасоо;
- нотариалдык иштин өзгөчөлүгүн жана нотариустун кесибин чагылдырган атайын укукар.

Нотариустардын өзгөчө укуктук макамын элементи катары:

- мыйзамда белгиленген нотариалдык иш жүргүзүүнүн эрежелерин сактоодо түздөн-түз байланышкан милдеттер;
- мыйзамда белгиленген нотариалдык иш жүргүзүүнүн эржелерин так сактоого;
- нотариалдык архивге ээ болууга, аны сактоо боюнча чараларды көрүүгө, архивден маалымат алууга укугу бар адамдардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга;
- кесиптик тобокелдигин камсыздандыруу;
- мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мөөрү, нотариустун фамилиясы, инициалдары, кызматы жана анын жайгашкан жери же мамлекеттик кеңсенин аталышы, аныктыгын ырастоочу жазуулардын штамптары, өздүк бланктары болуш керек;
- нотариалдык иштин сырын сактоо;
- жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөк көрсөтүү;
- нотариалдык иш-аракеттерди жасоодо укук жана милеттин түшүндүрүү;
- нотариалдык иш-аракеттердин натыйжалары жөнүндө эскертүү болуп саналат.

Нотариустун укуктук макамы эске алуу менен нотариат жөнүндө мыйзамдарынын негизинде нотариалдык иш-аракет ишкердик болуп саналбайт жана киреше алуу максаттын көздөбөйт.

Нотариат жөнүндө мыйзамдын негизги мазмунун камтыган нотариалдык иш-аракеттерди коомдук-укуктук негиздерин белгилейт, нотариалдык иштин маанилүү мүнөздөмөлөрүн жана нотариалдык кесиптин өзүнүн катуу жөнгө салынгандыгын аныктайт. Мына ошондуктан нотариустун негизги милдети жана максаты жарандардын жана мамлекеттин кызыкчылыктарын камсыз кылуу, нотариалдык аракеттерди жасоо болуп саналат [2]. Нотариус мыйзамдуулуктун жана тартиптин кепилдиги болуп саналат, анткени анын иши маанилүү иш-аракеттерди жасоо менен байланышкан. Нотариустун жарандык жоопкерчилиги мыйзамда белгиленгендей кызыктар жактардын талабы боюнча жасалган нотариалдык иш-аракеттерди жасоосунун натыйжасында жеке же юридикалык жактарга келтирилген зыян үчүн же болбосо нотариалдык иш-аракети ачыка чыгаргандыгы үчүн жоопкерчилик тартат. Мыйзамсыз деп таанылган нотариалдык иш-аракеттер, нотариалдык кеңсенин жайгашкан жери боюнча сотко кайрылуу укуктуу. Жасалган нотариалдык иш-аракеттин негизинде таламдаш жактардын ортосунда келип чыккан укуктук талаш сот же экономикалык иштер тарабынан иш өндүрүшүндө каралат. Нотариустун жүргүзгөн иш-аракеттерин мыйзам чыгаруучулар тарабынан көзөмөлдөбөйт, анткени нотариустун макамдык өзгөчөлүгүндө баш ийүү тартиби каралган. Нотариус өзүнүн ишмердүүлүгүндө түздөн-түз кесиптик милдеттерин аткарууда кимдир бирөөдөн көз каранды эмес. Нотариалдык иштерди көзөмөлдөө прокуратора же башка укук коргоо органдары тарабынан көзөмөлгө алуу жок. Азыркы иштеп жаткан мыйзамга ылайык, нотариалдык иш-аракеттердин аткарылышын көзөмөлдөө сот органдарына жүктөлгөн.

Нотариустун көз карандысыздыгы 5-берене-синде так көрсөтүлгөн, нотариалдык ишти жасоодо калыс, көз карандысыз жана Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана башка ченемдик укук актыларын жетекчиликке алат. Р.Г. Вергасова белгилегендей, нотариус мамлекеттин көз карандысыз өкүлү макамын алган, ага мыйзамда белгиленген тартипте нотариалдык аракеттерди жасоо укугу берилген [5]. Белгилей кетүү керек нотариалдык иш-аракеттерди мамлекеттик жана жеке нотариустар тарабынан жүргүзүлөт. Ата мекендик мыйзамдардын ченемдерине нотариус мамлекеттик органдарга, мамлекеттик кызмат ордун ээлеген адамдарга да, мамлекеттик жарандык кызмат орундарын ээлеген адамдарга да кирбейт. Ошол эле учурда нотариус жогоруда көрсөтүлгөндөй Кыргыз Республикасынын атынан иш жүргүзүү менен өзүнүн жеке мөөрүндө мамлекеттик герби колдонот. Жооболордун негизинде мамлекеттик нотариал-

дык кеңседе иштеген нотариуска эмгек мыйзамдары жайытылат. Нотариус менен эмгек келишими түзүлөт, материалдык жана каржылык камсыздоо мамлекеттик оргaндын карамагына киргизүүнү билдирет. Мындан тышкары, жарандардын укуктары жана эркиндиктери бузулуп, зыян келтирсе жоопкерчилик мамлекетке жүктөлөт. Жеке практика менен иш жүргүзгөн нотариус жеке кеңсеге ээ болууга, каалаган банктан эсептерди ачууга, анын ичинде валюталык эсептерди ачууга, мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарга жана милдеттерге ээ болуга, кызматкерлерди жалдоого бошотууга, алынган кирешелерди тескөөгө, сотто өз атынан чыгууга жана мыйзамдарга ылайык башка аракеттерди жасоого укукту. Келтирилген зыян үчүн толук мүлктүк жоопкерчилик тартат. Ошондой эле нотариалдык палатанын мүчөсү болууга нотариусту милдеттендирет. Мына ошондуктан мамлекеттик нотариалдык кеңседе иштеген нотариус айлык алган кызматкер, ал эми жеке практикада иштеген нотариус кызматкер да, ишкер да эмес, мыйзамга ылайык нотариалдык ишти эркин жүргүзөт.

Ошондой эле белгилей кетүүчү нерсе, колдонуудагы мыйзамдардын алкагында мамлекет гана нотариалдык иш-аракеттерди жасоонун чыгашалуулугуна же пайдалуулугуна карабастан мамлекттик нотариалдык кеңселерди түзүү жана ишин камсыз кылуу жолу менен өз жарандарына нотариалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздай алат. Анткени, жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу мамлекеттин – конституциялык милдети. Нотариустун укуктук макамын карап чыгып, нотариуска ыйгарым укуктарды берүү квалификациялык экзаменди тапшырган адамдардын ичинен конкурстук негизде жүргүзүлө тургандыгын белгилеп кетүү керек. Конкурска Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамдагы белгиленген беренелерде көрсөтүлгөн талаптарга жооп берсе квалификациялык экзамен тапшырат. Нотариалдык ишмердүүлүктү жүргүзгөн адам жогорку билимдүү болушу керек. Л.В. Щенникова белгилеген, «нотариус – бул жеке укук жаатындагы жогорку квалификациялуу юрист» [6]. Белгилеп кетсек, нотариуска бир катар чектөөлөр бар. Нотариус өз ишин жүзөгө ашырууда окутуучулук, илимий чыгармачылык иштен башка ишкердик, акы төлөнүүчү иш же алектенүүгө, келишимдерди түзүүдө ортомчулук кызмат көрсөтүүгө укуксуз.

Жыйынтыктап жатып, нотариус коом үчүн зарыл экенин белгилей кетүү керек. Нотаристун иши жарандар жана уюмдар үчүн да, мамлекет үчүн да абдан маанилүү. Бул мамлекеттик мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу байланышкан нотариустун мөөнөтү болуп саналат. Белгилей кетчү нерсе. Нотариустун укуктук макамы боюнча учурдагы жаңы кабыл алынган мыйзам боюнча, жеке нотариустун жардамчысы, анты, этикалык кодекси жөнүндө бир канча беренелер кабыл алынды. Ошону менен бирге, биз негизги укуктук мамилелердин кеңири чөйрөсүн камтыйт жана нотариалдык иштин кепили болуп саналат.

Нотариустун укуктук макамы боюнча изилдөө жүргүзүп, төмөнкү тыянактарды чыгарууга тийиш.

1. Нотариус өзгөчө коомдук-уктук макамга ээ, анткени ал жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын Кыргыз Республикасынын атынан мыйзамда корголгон укуктарын коргоого милдетүү. Нотариус жарандык коомдун институту катары алдын ала сот адитеттигин жүзөгө ашырат.
2. Нотариустун укуктук макамы анын жарандар жана юридикалык жактар, мамлекет менен болгон мамилелерин камтыйт. Укуктук макамы нотариустун укуктары жана милдеттери менен мүнөздөлгөн укуктук мамилелер тутумунда ордун көрсөтөт.
3. Нотариус жалпы жана өзгөчө макамга ээ. Нотариустун укуктук макамы төмөнкү курамдык элементтерди камтыйт: укуктук макамын принциптери жана кепилдиктери; нотариустун укуктары жана милдеттери; нотариустун ишти жүзөгө ашыруу эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик, ошондой эле мыйзам чыгаруучунун олутуу талаптары.
4. Нотариустун укукка каршы келген иш-аракет жасаган учурда укук бузуунун кесепеттеринин оордугуна жараша тартип бузуу, жарандык же жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2021-жылдын 5-майы (Референдумда добуш берүү менен кабыл алынган) [электрондук шилтеме http://minjust.gov.kg/ru/].
2. Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндө мыйзамы 2023-жылдын 9-марты №54 [электрондук шилтеме http://-minjust.gov.kg/ru/].
3. Гусев Р.Р. Правовой статус нотариуса современной России // Аллея наука. 2017 г. №5. С. 448-452с.
4. Перевалов В.Д. Теория государства и права: Учебник. / В.Д. Перевалов. – М.: Юрайт, 2012.-415с.
5. Вергасова Р.И. Нотариат в России: Учеб. пособие. - М., 2011. - С. 54.
6. Щенникова Л.В. О центральном понятии профессионального нотариального права // нотариальный вестник. 2016. №12. - С.14.
7. Джакшылыкова Г.Д. Место нотариата в системе гражданской юрисдикции Кыргызской Республики. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 7. С. 207-211.